**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# ОКУУ ПРОГРАММАСЫ

# «ТАЖИК ТИЛИ ЖАНА ОКУУ»

окутуу тажик тилинде жүргүзүлүүчү жалпы билим берүү
уюмдарынын 1-6-класстары үчүн

**Бишкек - 2025**

**Иштеп чыккандар:**
**Дадахонова Д.М.** Кадамжай районундагы С.Айни атындагы орто мектебинин тажик тили мугалими
**Мамадаминова М.Т.** Лейлек районундагы “Билим нуру” мектебинин тажик тили мугалими
**Шаршембиева Д.Н.** Кыргыз билим берүү академиясынын Көп тилдүү жана инклюзивдик билим берүү бөлүмүнүн башчысы

**Рецензенттер:**
**Хасанхужаева М.К.** Кадамжай районундагы С.Айни атындагы орто мектебинин директору
**Воситов Х.Х.** Лейлек районундагы “Билим нуру” мектебинин директору

Жалпы билим берүү уюмдарынын 1-6-класстары үчүн «Тажик тили жана окуу» окуу программасы Кыргыз Республикасында жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына (2025) жана предметтик стандартына негизделип иштелип чыккан.

Программа окутуунун мазмунун аныктайт, окуучулардын предметтик жана негизги компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу үчүн окуу процессинин логикасын, окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен темаларды жана тил материалын үйрөнүүнүн ырааттуулугун сунуштайт. Программанын негизинде окуу китептери, окуу куралдары жана календарлык-тематикалык план түзүлөт.

**МАЗМУНУ**

I. ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ ........................................................................ 4

II. ПРЕДМЕТТИН МАЗМУНУ .................................................................... 5

III. ОКУУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ ........................................................ 16

IV. ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО .......... 17

# I. ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ

Тажик тилин үйрөнүү жана башталгыч класстарда окуучуларын билим берүүнүн кийинки баскычына даярдоо, кепти өнүктүрүүнүн лингвистикалык системасынын биринчи деңгээли болуп саналат. Эрте мектеп курагында баланын социалдык өнүгүүсү, өзүн-өзү аңдоосу калыптанат. Бул куракта балдарда айлана-чөйрө, айланасындагы адамдар, өзү жөнүндө, адеп-ахлак нормалары жөнүндө аң-сезимдүү түшүнүктөр калыптанат. Мына ушул мамилелердин жана сапаттардын негизинде келечекте бала теңтуштары, чоңдор, жакын адамдар, бейтааныш адамдар менен мамиле түзө баштайт. Баланын өзүн-өзү сыйлоо сезими жогору жана оптимисттик болуп, бара-бара объективдүүлүктү жана өзүн-өзү сындоочулукка айланат. Бул белгилердин бардыгынын калыптануу даражасы окуучулардын билимин жана тарбиясын жана практикалык иш-аракетин (түшүнүү, эмгек, адабий-көркөм ж.б.) уюштурууга жараша болот, алардын чыгармачылык жана практикалык ишмердүүлүгүн уюштуруудагы ар түрдүү жөндөмдөрүн жана окуучулардын билимди өздөштүрүү көндүмдөрүн аныктайт. Бул кичинекей мектеп окуучуларын инсанга багытталган тарбиялоонун гумандуу мүнөзүнө негиз боло алат.

1-6-класстар үчүн «Тажик тили жана окуу» предметти **окутуунун максаты** – тил элементтери аркылуу башталгыч класстын окуучуларынын баарлашуу, ой-жүгүртүү жана социалдашуу көндүмдөрүн өнүктүрүү.

Окуунун башталгыч курсу түшүнүктөрдүн, эрежелердин базасын түзүп, билим берүүнү индивидуалдаштыруу жана дифференциялоо принцибинин пайдубалын түптөйт, окутуу принциптерин жана методикасын колдонууга айланат.

**Милдеттери:**

1. **Тарбия берүүчүлүк:** мектеп окуучуларынын өз маданиятын таанып билүү жана жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу;
2. **Билим берүүчүлүк:** бул стандартта аныкталган кептик, тилдик жана адабий түшүнүктөрдү өздөштүрүүнү камсыз кылуу;
3. **Өнүктүрүүчүлүк:** жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандартында чагылдырылган негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга көмөктөшүү.

«Тажик тили жана окуу» предмети тажик элинин эне тилин жана маданиятын сактоого, ал тилде билим алууга, салттарын жана баалуулуктарын билүүгө, өзүнүн жарандык (Кыргызстан жараны) иденттүүлүгүн аныктоого шарт түзөт.

Базистик окуу планы боюнча «Тажик тили жана окуу» предмети 1-4-класстарда жумасына 2 саат окутулат, жылдык жүктөм 1-класста 64 саатты, 2-класста 66 саатты түзсө, 3-6-класстарда 68 саатты түзөт; 5-6 класстарда 3 саат окутулат, жылдык жүктөм 102 саатты түзөт. Берилген сааттарды максаттуу пайдалануу менен окуу процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн программадагы сааттар төмөнкүдөй бөлүштүрүлөт:

4 саат – киришүү (ар бир чейректе 1 сааттан);

54 саат (2-4 класстар үчүн), 88 саат (5-6 класстар үчүн) – кеп өстүрүү жана сабат ачуу (грамматикалык материал);

4 саат – тесттик иш;

8 саат – кайталоо сабактары.

# II. ПРЕДМЕТТИН МАЗМУНУ

1-класста биринчи чейрек алиппеге чейин мезгил. Бул мезгилде окуучулардын сүйлөө жөндөмдөрүн өнүктүрүү, угуу жана көрүү кабылдоосун өстүрүү, окууга даярдоо, фонетикалык көндүмдөрүн жакшыртуу, ошондой эле колдун майда булчуңдарынын өнүгүүсү башталат. Окутуу курчап турган чөйрө жана кубулуштары менен тааныштыруу, дидактикалык оюндарды аркылуу ишке ашат. Окуучулар баарлашууга катышышат, мугалимдин үнүнөн кыска ырларды, табышмактарды, макал-ылакаптарды, жаңылмачтарды үйрөнүшөт, кыска сахналаштырууга катышышат.

Окуучулар калем жана калемсапты колдонууну, тамганын элементтерин жазганды үйрөнүшөт. Ар бир темада окучуунун жазуу көндүмдөрүн калыптандырууга көнүл бурулат. Мугалим төмөнкү тапшырмаларды берет:

1) үлгү боюнча геометриялык фигураларды (тегерек, үч бурчтук, квадрат) чийүү жана сызуу, штриховка жасоо;
2) түз сызыктарды тамгаларга окшош формаларды туташтыруу;
3) түс менен боёо;
4) кагазды түз сызыктар боюнча кайчы менен бүктөө жана кесүү;
5) таякчалардан, чийден, кагаз тилкелерден үлгү боюнча фигураларды жасоо;
6) бор жана кагазга калемсап менен ар кандай багытта (горизонталдуу, вертикалдуу, кыйгач) түз сызыктарды тартуу;
7) түз сызыктардан турган жөнөкөй нерселерди тартуу (отургуч, тепкич, конверт, желек, терезе, тамга түрүндөгү фигуралар);
8) ар кандай багытта түз жана ийри сызыктарды тартуу;
9) түз сызыктарды фигураларга бириктирүү;
10) тамгалардын негизги элементтерин доскага жана дептерге төмөнкү ырааттуулукта жазуу:
    - түз таякча;
    - түз таякча менен жантайган таякчаны бириктирүү;
    - үстү жана түбү жагынан тегеректелген түз таякча;
    - илмеги менен кыска жана узун таякча;
    - сүйрү таякчаларды бириктирүү;
    - *«м, л, а»* тамгалардын башкы элементтерин жазуу.

**1-класс үчүн «Алиппеге чейинки мезгил» боюнча болжолдуу тематикалык план.**

**1 таблица**

| Сабак | Тема | Сааттар |
|---|---|---|
| | **1-жарым жылдык, 16 саат** | |
| 1. | **«Таанышуу». «Мектеп»,** Маектешүү: мугалим жана окуучулардын аты-жөнү, өзү жөнүндө айтып берүү. Мектеп боюнча экскурсия, мектептин эрежелери, тыныгуунун (перемена) максаты. | 2 |
| 2. | **«Менин үй бүлөм».** Үй бүлө мүчөлөрүн атайт, кесибин айтат, аларга кандай жардам берерин айтып берет. Үй-бүлөлүк майрамдар. Сүрөт боюнча иштөө. Ангеме окуу, макал-ылакаптарды жатто, чечмелөө. | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| 3. | **«Класс».** Маектешүү: класстын эрежелери, Мектепке даярдануу, окуу куралдарды туура колдонуу. Ангеме окуу, табышмактарды табуу. | 2 |
| 4. | **«Күз мезгили».** Маектешүү: күз айлары, аба-ырайы, кубулуштар, Кыска ырлар, табышмактар, аңгемелер. | 2 |
| 5. | **«Бак дарактар»,** Жемиштер туралуу маектешүү. Жомок, табышмактар. | 2 |
| 6. | **«Биздин огород».** Жашылчалар туралуу маектешүү. Кыска ырлар, табышмактар, аңгемелер. | 2 |
| 7. | **«Үй-жаныбарлары жана канаттуулар».** Сюжеттик сүрөт боюнча маектешүү, Аталышы, түзүлүшү. Алар кайда жашайт, эмне менен тамактат, эмне жардам беришет. Кыска ырлар, табышмактар, аңгемелер, жомок.<br>Үй-жаныбарлардын балдары жана канаттуулардын балапандары. Тема боюнча чыгармаларды окуу. | 2 |
| 8. | Кайталоо сабагы. Викторина, оюндар. | 2 |

Экинчи чейректен баштап алиппе мезгили деп мүнөздөлөт. Анда окуучулардын эне тилинин тыбыштык түзүлүшү боюнча фонетикалык угуусу калыптанат, тыбыштардын тамга түрүндө жазылышын үйрөнүшөт. Сөздөрдө муундун санын санай алат, тамгалар жана тыбыштар катышкан буюмдарды атап, сөз айкаштарын, кыска сүйлөмдөрду түзөт жана окуйт.

**2-таблица - «Алиппе мезгили» боюнча болжолдуу тематикалык план**

| **Сабак** | **Тема** | **Сааттар** |
|---|---|---|
| | **2-жарым жылдык, 48 саат** | |
| 1. | Үндүү жана үнсүз тыбыштар жана тамгалар: *а, о, у, и, э;*<br>*м, н, т, с;*<br>Үндүү жана үнсүз тыбыштарды так айтуу, тамгалар менен дал келтирүү. Сөздүн башында, ортосунда, аягында тыбыштын ордун табуу. Муундарды окуу.<br>Тамгаларды жазуу.<br>**«Жапайы жаныбарлар жана канаттуулар».** Алар кайда жашайт, эмне менен тамактанат? Аталышы, түзүлүшү.<br>Алардын адамга пайдасы барбы? «Арстан менен коен» жомокту окуу. | 6 |
| 2. | Үндүү жана үнсүз тыбыштар жана тамгалар: *и, э, ё, ӯ;*<br>*к, б, д, п, л, р;*<br>Үндүү жана үнсүз тыбыштарды так айтуу, тамгалар менен дал келтирүү. Сөздүн башында, ортосунда, аягында тыбыштын ордун табуу. Муун, сөздөрдү муундарга бөлүү.<br>Тыбыштардан жана тамгалардан сөздөрдү куруу.<br>Тамгаларды жазуу.<br>**«Кыш келди».** Кыш айлары, Жаратылыш көрүнүштөрүн салыштыруу жана айырмалоо. Сүйрөт боюнча маектешүү, | 5 |

| | | |
|---|---|---|
| | суроолор боюнча аңгеме түзүү. Кыска ырлар, табышмактар, макалдар, аңгемелер. | |
| 3. | Үнсүз тыбыштар жана тамгалар: *з, ж, ш, г, ч, х;*<br>Тыбыштарды так айтуу, тамгалар менен дал келтирүү. Сөздүн башында, ортосунда, аягында тыбыштын ордун табуу. Муун, сөздөрдү муундарга бөлүү.<br>Тыбыштардан жана тамгалардан сөздөрдү куруу.<br>Тамгаларды жазуу.<br>**«Идиш-аяктар жана тамактар».** Түрлөрү. Алар эмнеден жасалган? Тамактуунун эрежелери. «Дукөндө» ролдук оюн. | 5 |
| 4. | Үнсүз тыбыштар жана тамгалар: *ң, х, қ, ғ, ф;*<br>Тыбыштарды так айтуу, тамгалар менен дал келтирүү. Сөздүн башында, ортосунда, аягында тыбыштын ордун табуу. Муун, сөздөрдү муундарга бөлүү. Тыбыштардан жана тамгалардан сөздөрдү куруу. Тамгаларды жазуу.<br>**«Күн тартиби»** Иш аракеттерди атоо: эртең менен, түштөн кийин, кечинде, түндө. Сүрөттөрдү ирети менен коюу. Ден чындоо үчүн күн тартибин сактоо. | 5 |
| 5. | Басым. Созулма үндүүлөр, ъ ажыратуу белгиси.<br>Сөздөрдү жазат, сөз айкаштарын түзөт,<br>**«Жаз келди», «Курт-кумускалар».** Алар туралуу пикирлешүү: адамга жана табиятка пайдасы. Кыска ырлар, табышмактар, аңгемелер. | 5 |
| 6. | Сөз түзүү: көптүк сандагы сөздөр, сын атоочтор.<br>«Транспорт». Анын түрлөрү, классификациялоо, түзүлүшү.<br>Жол эрежелери. Ролдоштуруу.<br>Сөздөрдү жазат, сөз айкаштарын түзөт жана жазат. | 5 |
| 7. | Сөз жана жөнөкөй сүйлөм (5-6 сөздөн турган сүйлөм).<br>Сүйлөмдүн чеги.<br>**«Спорт жана оюндар»** Улуттук оюндар менен таанышуу. Макал-ылакаптар, аңгемелерди окуу. Спорт менен машыгуу.<br>Сөздөрдү жазат.<br>3 сөздөн турган сүйлөмдөрду окуйт. | 5 |
| 8. | Жөнөкөй сүйлөмдүн чеги. Сүйлөм аягындагы тыныш белгилер (чекит, илеп жана суроо белгиси).<br>Сүйлөмдүн башында чоң тамга. Энчилүү зат атоочтор.<br>**«Гигиена жана денени чыңдоо», «Туура тамактануу».** Тамак аштарды атайт, классификациялайт.<br>Макал-лакаптар, аңгеме окуу. Сүрөт боюнча ангеме түзүү.<br>5-6 сөздөн турган сүйлөмдү окуйт. | 5 |
| 9. | Сөздүн мааниси. Бир жана көп маанилүү сөздөр.<br>**«Жайында».** Кубулуштар, аба-ырайы, эс алуу, коопсуз эрежелери.<br>**«Транспорт».** Түрлөрү, жол эрежелери, саякаттануу, коопсуз жережелери.<br>3 сүйлөмдөн турган текстти окуйт. | 5 |
| 10. | Кайталоо сабагы. Викторина, оюндар. | 2 |

Тамгаларды муун, андан соң сөз түрүндө окуп, аларды сүйлөп берүү менен кеп өстүрүү иштери улантылат.

Предметтик тематикалык, сюжеттик сүрөттөр аркылуу кебин өстүрүү, сөздүк корун байытуу иштери аткарылат, байланыштуу сүйлөөгө машыктырылат, буюмдарды жана нерселерди эне тилинде атап, алардын мазмундук байланышын үйрөнүшөт. Тамгаларды, сөздөрдү, соз айкатарын, 3-6 сөздон турган сүлөм, 2-3 сүйлөмдөн турган чакан текстти окууга үйрөнөт.

2-6-класстарда окуучунун фонетикалык кабылдоосун улантып бекемдөө, сабаттуулугун өркүндөтүү жана сөз байлыгын арттыруу аркылуу байланыштуу кебин өнүктүрүү иши – тажик тили, адабий окуу китептери менен ише ашат. Ал кезде окуучулардын сүйлөө жана жазуу маданиятына айрыкча маани берилет, т.а. окуучулар муунду, сөздү жана сүйлөмдөрдү, бара-бара чакан текстти туура окуу жана туура сүйлөө менен жазууга, эне тилинде так, таза окуп-жазууга, логикалуу сүйлөм түзүп сүйлөөгө басым коюлат. Сүрөт менен иштеп, сүйлөм түзүп айта алууга, окуганынын мазмунун кайра айтып берүүгө жетишет. Эне тилинде кеп этикетине машыгышат. «Тажик тили жана окуу» сабагы боюнча материалдардын негизги максаты кеп өстүрүүгө багыт алуу, аны камсыз кылуу болуп саналат.

«Тажик тили жана окуу» окуучулар тажик балдар адабиятынын мыкты үлгүлөрү болгон чакан тексттерди, кенже жанрлардагы чыгармаларды, ырларды сабаттуу окууга, окуу техникасына машыгышат, окуганын түшүнүп, мазмунун айтып берүүгө, аларга баа бере алууга, окуянын каарманы менен байланыштырып логикалуу сүйлөп берүүгө, өз оюн чыгармачылык менен билдирүүгө үйрөнүшөт. Окуучулар түрдүү стилдеги (көркөм, таанып билүү, маалыматтык) тексттер боюнча маалыматтарды түшүнүп, сүйлөп берүүгө жатыгат. Окуу жана түшүнүү ыкмасы кеңири колдонулат, сөздүн, сүйлөмдүн тексттеги маанисин, чакан окуяны, анын жалпы мазмунун билишет.

2-6 классарта кеп өстүрүу жана сабат ачуу төмөнкү темаларга байланыштуу болот:

1. Мен;
2. Үй-бүлөө;
3. Мектеп;
4. Жашаган жерим;
5. Соода, тамак-аш, кийим-кече;
6. Спорт жана ден-соолук;
7. Турмуш тиричилик;
8. Айлана чөйрө;
9. Менин өлкөм;
10. Белгилүү инсандар
11. Илим жана техника дүйнөсү;
12. Искусство дүйнөсү.

**3-таблица – 2-4 класстар боюнча тематикалык бөлүштүрүлүшү**

| Саатар | Кеп өстүрүү темалар | Грамматикалык материал | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **2-класс** | **3-класс** | **4-класс** |
| 4 | **Киришүү сабактар** (ар бир чейректе 1 сааттан). | | | |
| 4 | **«Мен»**<br>Өзү жөнүндө айтып берүү: адамдын келбети, мүнөзү, кызыгуулар.<br>Ангемелерди окуу, табышмактар, жаңылмачтар, ырлар, жомоктор. | Йоттошкон тамгалар. Муун, сөздөрдү муундарга бөлүү. Басым. Созулма үндүүлөр, ъ ажыратуу белгиси. | Үндүү жана үнсүз тыбыштар., йоттошкон тамгалар, ъ ажыратуу белгиси. Сөздөгү басым жана анын ролу. Муун жана анын түрлөрү. Ташымалдоо. | Жумшак жана каткалаң үнсүздөр. Үнсүз тыбыштардын өзгөрүшү. Басымдуу үнсүздөр. Сөздүн ортосунда же аягында кээ бир айтылбай турган тыбыштар. Профикс жана суффикс. й̄,ӯ тамгалары бар сөздөр. Е, ё, ю, тамгалары бар сөздөр. |
| 4 | **«Үй-бүлөө»**<br>Үй-бүлө мүчөлөрү: кесибин, жаш курагын айтат, мамилесин, жардам берүү туралуу кеп кылат.<br>Үй-бүлөлүк салттар.<br>Жомок, макал-лакаптар, аңгемелер. | Сөз түзүү:<br>көптүк сандагы сөздөр,<br>сын атоочтор. | Сөздүн уңгусу. Бир уңгулуу сөздөр.<br>Мүчө.<br>Негиз. | Негиз жана мүчө.<br>Уңгу, префикс, суффикс, мүчө. Бир уңгулуу сөздөр. Сөздөрдүн морфемалык талдоосу. |
| 6 | **«Мектеп»**<br>Окуу куралдар: түстөрдү атайт, сабактардын тизмесин түзөт. Китепкана, ашкана, спортзал. Класстын эрежелери. мектептин уставы. Мектепке келген жолду түзөт. Сандарды кошот, кемитет. | Сөз жана жөнөкөй сүйлөм (5-6 сөздөн турган сүйлөм). Сүйлөмдүн чеги. | Сөз жана жөнөкөй сүйлөм. Сөз айкашы. Сүйлөмдүн негизидери. Сөз түркүмдөрү (зат атооч, сын атооч, этиш). | Жөнөкөй сүйлөм. (Баш жана айкындооч мүчөлөр). Сөз айкашы. (Багындыруучу жана багыныңкы сөздөр). Префикстер жана суффикстер. . Сөз түркүмдөрү (зат атооч, сын атооч, этиш). |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Аңгеме, жаңылмачтар, макал-лакаптар, ырлар. | | | |
| 6 | **«Жашаган жерим»**<br>Үйдөгү эмеректер: атайт, бөлмөсүн сүрөттөйт, үйү жана жашаган жери жөнөндө айтып берет (көчөлөр, имараттар, белгилүү жерлер).<br>Аңгеме, ырлар, жомок, уламыштар.<br>Макал-лакаптар жана накыл сөздөр. Табышмактар.<br>Эпостор. | Жөнөкөй сүйлөмдүн чеги.<br>Сүйлөм аягындагы тыныш белгилер. Сүйлөмдүн башында чоң тамга. Энчилүү зат атоочтор. | Орфография.<br>Сүйлөм аягындагы тыныш белгилер.<br>Энчилүү зат атоочтор. | Уңгу жана мүчө. |
| 4 | **«Соода, тамак-аш, кийим-кече»**<br>Жашылча жемиштер: атайт классификациялайт, сүрөттөйт. Идиш-аяктарды атайт эмнеден жасалганын, эмне үчүн колдонгонун билет.<br>Кийим кече: сезон боюнча бөлүштүрөт, атайт.<br>Кийимди, бут кийимди таза кармоо.<br>Макал-лакаптар жана накыл сөздөр. Табышмактар. | Окуу (муундап окуу).<br>Унчукпай окуу.<br>Интонация.<br>Тема.<br>Тексттин негизги темасы.<br>Тексттин планы.<br>Кичинекей поэтикалык тексттерди жатка айтуу.<br>Сүрөттөө. | Окуу.<br>Унчукпай окуу.<br>Интонация<br>Тема.<br>Тексттин негизги темасы.<br>Тексттин планы. Абзац.<br>Поэзиялык тексттерди жатка айтуу. | Окуу (синтагмаларга бөлүнгөн толук сөздөр)<br>Унчукпай окуу.<br>Интонация.<br>Тема.<br>Тексттин негизги темасы. Тексттин планы. Абзац. Поэзиялык тексттерди жатка айтуу. Макал-лакаптар жана накыл сөздөр.<br>Табышмактар.<br>Тексттин негизги мазмуну.<br>Чыгармалардын жанрдык өзгөчөлүктөрү. (легенда, аңгеме, поэма) |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 4 | **«Спорт жана ден-соолук»**<br>Спорттун түрлөрү, улуттук оюндар, эртең менен машыгуу.<br>Ден соолукту чыңдоо. | Сөздүн мааниси. Бир жана көп маанилүү сөздөр. | Сөздүн мааниси. Туундуу жана тубаса сөздөр.<br>Синонимдик сөздөр. | Сөздүн мааниси. Туундуу жана тубаса сөздөр. Синонимдик сөздөр.<br>Антонимдик сөздөр |
| 4 | **«Турмуш тиричилик»**<br>Ар бир кесип пайдалуу.<br>Жардам берүү, Бакчада иштөө. Жоопкерчилик.<br>Коопсуз эрежелери.<br>Күн тартиби. | Кесиптер боюнча лексика кеңейет.<br>Маалымат менен иштөө: техниканын колдонуу эрежелери.<br>Баарлашуу адеби.<br>Оозеки баяндоо.<br>Мазмунун баяндоо (деталдуу). | Кесиптер боюнча лексика кеңейет.<br>Маалымат менен иштөө: техниканын колдонууну инструкциясы.<br>Баарлашуу адеби.<br>Мазмунун баяндоо (кең жана кыска).<br>Жазуу жана оозеки баяндоо. | Кесиптер боюнча лексика кеңейет.<br>Маалымат менен иштөө: техниканын колдонууну инструкциясы.<br>Баарлашуу адеби.<br>Мазмунун баяндоо (кең, кыска жана тандап баяндоо).<br>Жазуу жана оозеки баяндоо. Дилбаян, очерктер. |
| 6 | **«Айлана чөйрө»**<br>Үй жана жайпайы жаныбарлар, канаттуулар жана өсүмдүктөр: сүрөттөйт: жашаган жерин, түзүлүшүн, тамактануусун, адамга пайдасын айтат.<br>Убакытты, саатты аныктайт: эртен менен, күндүз, кечинде, түндө. Сезондор жана кубулуштар: кыш, жаз, жай, күз. | Ар түрдүү жанрдагы тексттер менен таанышуу (жомоктор, жаңылмачтар, макал-лакаптар, табышмактар, уламыштар, тамсилдер, чакан окуялар, кыска илимий жана таанып билүү тексттери). | Ар түрдүү жанрдагы тексттер менен таанышуу, айырмасын билүү (жомоктор, жаңылмачтар, макал-лакаптар, табышмактар, уламыштар, тамсилдер, чакан окуялар, кыска илимий жана таанып билүү тексттери). | Жаш курагына ылайыктуу ар түрдүү жанрдагы тексттер менен таанышуу, жанрдык өзгөчөлүктөрүн билүү (жомоктор, жаңылмачтар, макал-лакаптар, табышмактар, уламыштар, тамсилдер. аңгемелер, ыр, кыска илимий жана таанып билүү тексттери). |
| 4 | **«Менин өлкөм»**<br>Кыргызстан боюнча саякат, маданият, жашаган улуттур жөнүндө маалымат алат. | Чыгарманын сюжети. Каармандарды сүрөттөө, алардын иш-аракетине баа берүү. | Чыгарманын сюжети. Каармандарды сүрөттөө, алардын иш-аракетине баа берүү, өз оюн билдирүү. | Каармандарды сүрөттөө, алардын иш-аракетине баа берүү, өз оюн билдирүү. мазмунун баалоо. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Табигый объекттерди атайт: тоо, көл, токой, дарыя ж.б. Макал-лакаптар, аңгеме, жомок, уламыштар. | | | |
| 4 | **«Белгилүү инсандар»** Кыргызстанда жана дүйнөдөгү белгилүү инсандар жөнүндө маектешүү. | Теманы, тексттин аталышын, негизги оюн аныктоо. Маалыматты алып чыгуу (Эмне?, Кайда? Качан? Эмне үчүн? Эмнеге?). Тексттин түрлөрү: баяндоо, | Теманы, тексттин аталышын, негизги оюн аныктоо. Тексттин түзүлүшүн билүү. Тексттин түрлөрү: сүрөттөө, баяндоо, алардын өзгөчөлүктөрү. Маалыматты алып чыгуу (Эмне?, Кайда? Качан? Эмне үчүн? Эмнеге?). Тексттин түрлөрү: баяндоо, | Теманы, тексттин аталышын, негизги оюн аныктоо. Сүрөттөө элементтери менен баяндоо. Ой толгоо, анын өзгөчөлүктөрү. Маалыматты алып чыгуу (Эмне?, Кайда? Качан? Эмне үчүн? Эмнеге?). Тексттин түрлөрү: баяндоо, |
| 4 | **«Илим жана техника»** Иш куралдары. Транспорттун түрлөрү, жасаган жумушу. Заманбап жана турмуштагы техника. | Теманы аныктоо, маалымат менен иштөө. Тексттин планын түзүү. Тексттин түрлөрү: сүрөттөө. | Абзацтар боюнча планды түзүү. Тексттин түрлөрү: сүрөттөө. | Абзацтар боюнча планды түзүү. Тексттин түзүлүшүн билүү. Тексттин түрлөрү: сүрөттөө. |
| 4 | **«Искусство дүйнөсү»** Музыка, сүрөт тартуу, театр, кино. Жакшы көргөн китеби жөнүндө маектешүү. | Эпитеттер, салыштыруу. Темага ылайык сөз байлыгын өстүрүү. Тексттин түрлөрү: сүрөттөө. | Эпитеттер, салыштыруу, окшоштуруу. Темага сөз байлыгын өстүрүү. Тексттин түрлөрү: сүрөттөө. | Эпитеттер, салыштыруу, окшоштуруу. Темага ылайык сөз байлыгын өстүрүү. Тексттин түрлөрү: сүрөттөө. |
| 4 | **Тесттик иш үчүн 2 саат** | **Тесттик иш** | | |
| 8 | | **Кайталоо сабагы** | | |
| **68** | | **Жалпы** | | |

**4-таблица – 5-6 класстар боюнча тематикалык бөлүштүрүү**

| Сааттар | Кеп өстүрүү темалар | Грамматикалык материал |
|---|---|---|
| 4 | **Киришүү сабактар** (ар бир чейрек үчүн 1 саат) | |
| 7 | **«Мен»**<br>Өзү жөнүндө айтып берүү, кызыгуулар. Адамадын мүнөзү, өзгөчөлүктөрү, сезимдер жана эмоциялар, кыялдар жана максаттар.<br>Ангемелерди окуу, макал-лакаптар, жомоктор, ырлар. | Тыбыш жана тамагалар. Фонетикалык жана графикалык тамга. й̆,ӯ, ъ тамгалары бар сөздөр.<br>Кыска жана созулган үндүүлөр. |
| 7 | **«Үй-бүлөө»**<br>Үй-бүлө мүчөлөрү: атайт, кесибин, жаш курагын айтат, мамилесин, жардам берүү туралуу кеп кылат. Үй-бүлөлүк балуулуктар, салттар.<br>Жомок, макал-лакаптар, аңгемелер, ырлар. | Негиз.<br>Префикс. Суффикс. Мүчө. Татаал сөз жасоо.<br>Бир нече уңгулардан жана сөз тобунан түзүлгөн сөздөрдүн жана сөз айкаштарынын айкалышын жана бөлүнүшүн тандоо. |
| 7 | **«Мектеп»**<br>Окуу предметтер, имарат жана кабинеттер, мектеп эрежелери, кийим.<br>Аңгемелер, жаңылмачтар, макал-ылакаптар, ырлар. | Жөнөкөй сүйлөм. Бир тутумдуу сүйлөм. (байламталуу, байламтасыз). Сөз түркүмдөрү (маани берүүчү: зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч, этиш, тактооч) Жалпы маалымат. (префикстер, суффикстер) |
| 7 | **«Жашаган жерим»**<br>Үйдөгү эмеректер: атайт, бөлмөсүн сүрөттөт, үйү жана жашаган жери жөнөндө айтып берет (көчөлөр, имараттар, белгилүү жерлер).<br>Аңгеме, ырлар, жомок, уламыштар.<br>Макал-лакаптар жана накыл сөздөр.<br>Табышмактар. Эпостор. | О-а, у-у-и, ъ, ӯ тамгаларынын туура жазылышы. Йоттошкон тамгалардын жазылышы. Кеп так айтылган, диалог. |
| 7 | **«Соода, тамак-аш, кийим-кече»**<br>Жашылча жемиштер: классификациялайт, сүрөттөйт.<br>Пайдалуу тамактар жөнүндө маектешет.<br>Кийим кече. | Окуу (синтагмаларга бөлүнгөн толук сөздөр)<br>Унчукпай окуу.<br>Интонация.<br>Тема. |

| | | |
|---|---|---|
| | Макал-лакаптар жана накыл сөздөр.<br>Табышмактар. | Тексттин негизги темасы. Тексттин планы. Абзац. Поэзиялык тексттерди жатка айтуу. Макал-лакаптар жана накыл сөздөр.<br>Тексттин негизги мазмуну. Чыгармалардын жанрдык өзгөчөлүктөрү (легенда, аңгеме, поэма). |
| 7 | **«Спорт жана ден-соолук»**<br>Спорттун түрлөрү, улуттук оюндар.<br>Ден соолукту чыңдоо. | Сөздүн мааниси. Бир жана көп маанилүү сөздөр. Сөздүн мааниси.<br>Туундуу жана тубаса сөздөр. Синонимдик сөздөр. Антонимдик сөздөр.<br>Көркөм чагылдыруу каражаттары (салыштыруу, метафора) |
| 7 | **«Турмуш тиричилик»**<br>Иш куралдары. Кесиптер.<br>Турмуш тиричилик техника. Коопсуз эрежелери.<br>Күн тартиби. | Маалымат.<br>Баарлашуу адеби.<br>Мазмунун баяндоо (кең, кыска жана тандап баяндоо). Айтып берүүнүн мерчеми.<br>Жазуу жана оозеки баяндоо. Кең, кыска, тандап баяндоо, дилбаяндын элементтери менен. |
| 8 | **«Айлана чөйрө»**<br>Жаныбарларды, канаттуулар жана өсүмдүктөр: сүрөттөйт, жашаган жерин, түзүлүшүн, тамактануусун, адамга пайдасын.<br>Сезондор: кыш, жаз, жай, күз. Табигый кубулуштар.<br>Аңгеме, ырлар, табышмактар. | Жаш курагына ылайыктуу ар түрдүү жанрдагы тексттер менен таанышуу, жанрдык өзгөчөлүктөрүн билүү (жомоктор, жаңылмачтар, макал-лакаптар, табышмактар, уламыштар, аңгемелер. ыр, тамсил, миф, пьеса, кыска илимий жана таанып билүү тексттери). |
| 7 | **«Менин өлкөм»**<br>Кыргызстан боюнча саякат, маданият, жашаган улуттур жөңүндө маалымат, салттар.<br>Макал-лакаптар, аңгеме, жомок, уламыштар. | Чыгарманын сюжети. Каармандарды сүрөттөө, алардын иш-аракетине баа берүү, өз оюн билдирүү. Автордун позициясын түшүнүү. |
| 7 | **«Белгилүү инсандар»**<br>Кыргызстанда жана дүйнөдөгү белгилүү инсандар жөнүндө маектешүү. | Тема. Тексттин аталышын, негизги оюн аныктоо. Сүрөттөө элементтери менен баяндоо. Ой толгоо, анын өзгөчөлүктөрү. Маалыматты алып чыгуу (Эмне?, Кайда? Качан? Эмне үчүн? Эмнеге |
| 7 | **«Илим жана техника»**<br>Иш куралдары. Транспорттун түрлөрү, жасаган жумушу. | Абзацтар боюнча планды түзүү. Тексттин түзүлүшүн билүү. Тексттин түрлөрү: сүрөттөө, баяндоо, алардын өзгөчөлүктөрү. |

| | | |
|---|---|---|
| | Заманбап жана турмуштагы техника. | |
| 8 | **«Искусство дүйнөсү»**<br>Музыка, сүрөт тартуу, театр, жакшы көргөн китеп, кино жөнүндө маектешүү. | Көркөм сөз каражаттары: эпитеттер, салыштыруулар, окшоштуруу, метафора, ирония. Юмор. Темага ылайык сөз байлыгын өстүрүү. |
| 8 | **Тесттик иш** | |
| 8 | **Кайталоо сабагы** | |
| 102 | **Жалпы** | |

# III. ОКУУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ

Эне тилин окутуу окуучуулардын баарлашуу көндүмдөрүн, таанып билүү активдүүлүгүн калыптандырууга жана өнүктүрүүгө, көз карашын кеңейтүүгө жана өз алдынчалыкка көмөктөшүүчү билим берүү чөйрөсүн түзүүнү камсыз кылууга тийиш. Ар бир окуучунун жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу жана окуу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү маанилүү. Эне тили сабагында натыйжалуу окутуу чөйрөсү бир нече негизги компоненттерди камтыйт. Тыбыш-тамга-сөз-сүйлөм-кеп

**Окутуу чөйрөнүн компоненттери.** **1-схема.**

| | |
|---|---|
| Интерактивдүү окутуу | • командалык тапшырмалар, талкуулар, катарым байланыш<br>• ролдоштуруу |
| Этнопедагогикалык каражаттар | • улуттур салттар, жомоктор, макал-лакаптар, уламыштар<br>• жаңылмачтар, ырлар |
| Жөнөкөйдөн татаалга | • "тыбыш-тамга-сөз-сүйлөм-кеп" стратегиясы<br>• визуалдык жана кептик таянычтар |

**Интерактивдүү окутуу** окуучуларды баарлашууга тартуу үчүн шарт түзөт. Окуучулар сабакта өз ара жана мугалим менен аракеттенүү процессинде тил системасына, маданий билимдерге ээ болушат, өз таланттарын билишет, предметтик жана негизги компетенттүүлүктөрдү өздөштүрүүдө өнүгүүнүн өздүк траекториясын түзүшөт.

**Этнопедагогикалык каражаттар** азыркы шартта элдик салттардын тарбиялык милдетин аткарат. Жаңылмачтар, ырлар феноменалдуу угууну тактоо үчүн уникалдуу куралдардын бири болуп саналат. Жомоктор, уламыштар, аңгемелер тилдик материалды практикалык түрүндө түшүнүүгө өбөлгө түзө, лексиканы байытат жана баалулуктарды калыптандырат.

**Жөнөкөйдөн татаалга** мамилеси окуучуларга тилди эффективдүү өздөштүрүүсүнө жардам берет, «тыбыш-тамга-сөз-сүйлөм-текст» стратегия боюнча, ишке ашат. Бул окуучулардын тил өзгөчөлүктөрүн, жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен окутууга системалуу мамилени талап кылат. Ошентип, эне тилин окутууда материалдын татаалдыгын бара-бара жогорулатуу окуучуларга негизги билимдерден баштап, ар кандай контексттерде тилди эркин колдонууга чейин тилди ишенимдүү өздөштүрүүсүнө жардам берет.

Текст менен иштөөдө мугалим «Окуганга чейин, Окуу учурунда, Окуудан кийин» сабактын структурасын колдоно алат. Ар бир этапта мугалим окуучуларга визуалдык жана кеп жагынан колдоо көрсөтөт. Текст менен иштөөдө окуучулар текстти 3 жолу окуй алышат.

**«Окуганга чейин, Окуу учурунда, Окуугандан кийин» сабактын структурасы**

**2-Схема**

| | |
|---|---|
| Окуганга чейин | • окуучулардын билимин актуалдаштыруу;<br>• сүрөттөр, суроолор, ББКБ ж.б. колдонулат. |
| Окуу учурунда | • тексттин түшүнүгөнү текшерилет;<br>• суроолор, схемалар, көнүгүүлөр колдонулат. |
| Окуугандан кийин | • грамматика жана лексика боюнча көнүгүүлөр;<br>• тыянак чыгарышат жана өз текстин түзүшөт. |

Сабактын максаттары предметтик жана негизги компетенттүүлүктөрдү өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

## IV. ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО

Башталгыч мектепте «Тажик тили жана окуу» сабактарында окуучулардын жетишкендиктерин баалоо максаты – окутуунун иш жүзүндөгү натыйжаларынын күтүлгөндөргө дал келишин аныктоо. Жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандартына ылайык, 1-3-класстарда «Тажик тили жана окуу» сабагында белги коюлбаган баалоо колдонулат. Жазуу жүзүндө же оозеки түрдө сапаттуу сүрөттөөчү баалоого гана жол берилет.

Башталгыч мектепте төмөнкү принциптерге негизделген калыптандыруучу баалоо ишке ашырылат:

**Баалоо ийкемдүү болушу керек.** Мугалим натыйжаларды көрүү үчүн ар кандай формаларды жана тапшырмаларды колдонот: Бул сүрөт тартуу, графикалык иш, роль ойноо, оозеки же жазуу жүзүндөгү жооп ж.б. болушу мүмкүн.

**Баалоо шыктандыруучу болушу керек.** Мугалим окуучулар жана ата-энелер менен окуу прогрессин талкуулайт:

- окуу ишиндеги ийгиликтерди көрсөтүү,
- эң типтүү каталардын көрсөтмөлөрү,
- окууга кызыгууну стимулдаштыруу,
- коюлган баа менен окуучунун макулдугун камсыз кылуу.

**Баалоо жылуу маанайда болушу керек,** т.а. окуучулардын каталары эмес, жетишкендиктери бааланат. Баалоо критерийлери оң берилет (*3 тапшырма аткарылды, 5 сөз жазды*), терс формулировкалар алынып салынат (*жасай албайт, 5 ката кетирилген ж.б.*).

**Өзүн-өзү баалоо жана өз ара баалоо.** Бул принцип окуучулардын жетишкендиктери жөнүндө рефлексия жүргүзүүгө, каталарын оңдоого, бири-бирин колдоого мүмкүндүк берет жана окуучулардын эмоционалдык абалын жакшыртат.

Окуучулардын муктаждыктарына жана мүмкүнчүлүктөрүнө жараша баалоонун ар кандай формаларын сунуштоого болот: сүрөт үстүндө иштөө, карточкалар менен иштөө, схеманын негизинде оозеки жооп берүү, сүйлөө таянычтары менен жазуу жүзүндөгү жооп ж.б.

**2-3-класска ылайыктуу 10 сөздөн турган лексикалык диктантты баалоо критерийлери.**

**5-Таблица**

| **Туура жазылган сөздөр** | **Баалар** |
|---|---|
| 8-10 сөз | Эң жакшы |
| 6-7 сөз | Жакшы |
| 4-5 сөз | Канааттандырарлык |
| 3 же андан аз сөз | Канааттандырарлык эмес |

**4-6-класска ылайыктуу 15 сөздөн турган лексикалык жат жазууну баалоо критерийлери**

**6-Таблица**

| **Туура жазылган сөздөр** | **Баа** |
|---|---|
| 12-15 сөз | Эң жакшы |
| 9-11 сөз | Жакшы |
| 6-8 сөз | Канааттандырарлык |
| 5 жана андан аз сөз | Канааттандырарлык эмес |

**Угуу жана окууга баа берүүнүн болжолдуу критерийлери**

**7-Таблица**

| **Критерийлер** | **Эң жакшы** | **Жакшы** | **Канааттандырар-лык** | **Канааттандырарлык эмес** |
|---|---|---|---|---|
| Мазмунду түшүнүү | Тексттин негизги идеясын түшүнөт, деталдарды табат (анын ичинде өзгөрмөлүү сөздөр), жыйынтык чыгарат. | Тексттин негизги идеясын түшүнөт, жарым-жартылай деталдарды табат, синонимдерди тандайт жана жыйынтык чыгарат. | Маалыматты жарым-жартылай түшүнөт. Өзгөрмөлүү сөздөрдү билбейт. Жыйынтык чыгаруу кыйын. | Негизги ойду жана деталдарды түшүнбөйт. |
| Мүнөздөмөлөр-дү салыштыруу, маалыматты классификация-лоо | 3 же андан көп мүнөздөмөлөрдү салыштырат, маалыматты классификация- | Салыштыруу жана классификация-лоо учурунда 2 мүнөздөмөнү бөлүп көрсөтөт. | Салыштыруу жана классификация-лоо учурунда 1 мүнөздөмөнү бөлүп көрсөтөт. | Мүнөздөмө берүүдө кыйналат |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | -лайт. Текстти графикалык формага (схема, таблица) жана тескерисинче графикалык форманы текст кылып түзө алат. | Схемаларды тандайт, схемаларды таянычтардын жардамы менен текстке которот. | Схемадагы мүнөздөмөлөрдү жарым-жартылай чагылдырат. | |
| Маалыматтарды колдонуу | Тексти негиз кылат, жооп түзүү үчүн 4 же андан көп өзгөчөлүктү тандайт, маалыматтын негизинде өзүнүн текстин жаратат. | Тексттен 2-3 негизги мүнөздөмөнү тандайт жана алардын негизинде өз жообун түзөт. | Тексттен керектүү маалыматты тандап, жооп түзүүдө кыйынчылык тартат. | Алган маалыматты иштеп чыгып, колдонууда кыйынчылык тартат. |

**Жазуу жана оозеки жоопту (текстти) баалоонун болжолдуу критерийлери**

**8-Таблица**

| Критерийлер | Эң жакшы | Жакшы | Канааттандырарлык | Канааттандырарлык эмес |
|---|---|---|---|---|
| **Жооптун мазмуну** | Ой так жана түшүнүктүү, бардык негизги эрежелер сакталат (оозеки кептеги басым, грамматика). Сүйлөмдөрү аякталган, логикалык жактан курулган. | Ой түшүнүктүү, негизги эрежелер сакталат (грамматика). Сүйлөмдөр жарым-жартылай бүткөн, балким, түзүлүшүндө майда так эместиктер бар. | Ой түшүнүксүз, сүйлөм толук эмес, эрежелерди сактоодо кыйынчылыктар бар. | Жообу толук эмес, сүйлөмдөрү аягына чыкпайт |
| **Лексика** | Лексика темага толугу менен шайкеш келет, тема боюнча 4-5 же андан көп сөздөр колдонулат. Бардык жаңы сөздөр туура айтылган (оозеки жооп менен), сүйлөмдөр туура түзүлгөн | Лексика негизинен темага туура келет, тема боюнча 2-3 сөз колдонулат. Жаңы сөздөрдүн көпчүлүгү туура айтылат (оозеки жооп менен), сүйлөмдөрдүн көпчүлүгү туура түзүлгөн | Лексика жарым-жартылай темага туура келет, тема боюнча 2-3 сөздөн аз колдонулат. Жаңы сөздөрдүн көпчүлүгү туура эмес айтылат (оозеки жооп бергенде), сүйлөм түзүүдө каталар бар. | Тема боюнча лексиканы колдонбойт. Сөздөр туура эмес айтылат. |
| **Тексттин түзүмү** | Текст логикалык жактан | Текст түзүлгөн, бирок ой жарым- | Текст жарым-жартылай | Текст түзө албайт |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | байланышкан, бардык ойлор толук. Сүйлөмдөрү орундуу. | жартылай бүткөн, сүйлөмдөрдүн байланышы бир аз түшүнүксүз болушу мүмкүн. | түзүлгөн, ой толук эмес, сүйлөмдөрдүн ортосунда байланыш начар же жок. | |
| **Интонация** (оозеки жооптор үчүн) | Интонация сүйлөмдүн түрүнө туура келет (суроолуу, илеп, жай). Басым негизги сөздөргө туура коюлган. | Интонация сүйлөмдүн түрүнө туура келет, бирок кээ бир сөздөргө басым коюу так эмес болушу мүмкүн. | Интонация сүйлөмдүн түрүнө туура келбейт, маанилүү сөздөргө басым жасалбайт. | Интонация сакталбайт |
| **Пунктуация** (жазуу жооптор үчүн) | Бардык үйрөнүлгөн тыныш белгилери туура колдонулат. Үтүр, чекит, илеп жана суроо белгилери керектүү жерлерде колдонулат | Негизинен үйрөнүлгөн тыныш белгилери туура колдонулат. Үтүрдү колдонууда анча-мынча каталар бар. | Үйрөнүлгөн тыныш белгилери каталар менен колдонулат, көбүнчө үтүр, чекит, суроо жана илеп белгилери калтырылып же туура эмес коюлган. | Пунктуациялык белгилер коюлбаган. |